**«БЕКИТЕМИН»**
**Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор**
**____________________Канатбек Азиз**
**«18» июнь 2021-жыл**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу 23.00.02 – «саясий институттар, процесстер жана технологиялар» жана 22.00.04 – «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер» адистиги боюнча саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин жыйынын алдын ала коргоо боюнча 18-июнь 2021-жылдагы №15 протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

18.06.2021-ж. Бишкек шаары

Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темада 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин жыйынында алдын ала коргоо талкуу жыйыны

**Катышкандар:**

Канатбек Азиз - төрага, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор, шифры-23.00.02 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар»;

Абдрашев Акунжан Баказович - төраганын орун басары, саясий илимдердин доктору, доцент, шифры-23.00.02 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар»;

Абдыраманова Чолпон Шабданбаевна - окумуштуу катчысы, саясат таануу илимдеринин доктору, доцент, шифры-23.00.02 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар»;

Акунов Аалыбек Акунович – тарых илимдеринин доктору, профессор, шифры-23.00.02 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар», (онлайн);

Артыкбаев Мэлс Табалдиевич - саясий илимдердин доктору, профессор, шифры-23.00.02 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар»;

Донoнбаев Алим Дононбаевич – саясий илимдердин доктору, профессор шифры-23.00.02 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар»;

Жоробеков Жолборс Жоробекович – саясий илимдердин доктору, профессор шифры-23.00.02 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар»;

Исаев Кусеин Исаевич –философия илимдеринин доктору, профессор шифры-22.00.04 «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер»;

Меңдибаев Нуратбек - социология илимдеринин доктору, доцент, шифры - 22.00.04 «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер»;

Нурова Саида Сулаймановна – социология илимдеринин доктору, профессор шифры-22.00.04 «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер»;

Омуралиев Нурбек Ашимканович – социология илимдеринин доктору, доцент, шифры-22.00.04 «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер», (онлайн);

Сааданбеков Жумагул Сааданбекович – саясий илимдердин доктору, профессор, шифры-23.00.04 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар», (онлайн);

Сайтбеков Аайдар Муталипович - саясий илимдердин доктору, профессор шифры-23.00.04 «саясий институттар, процесстер жана технологиялар», (онлайн);

Салморбекова Рита Бобуевна – илимий жетекчи, социология илимдеринин доктору, профессор шифры-22.00.04 «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер»;

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги

боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоону талкуулоо.

**Илимий жетекчи**: Салморбекова Рита Бобуевна – социология илимдеринин доктору, профессор шифр-22.00.04 «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер»;

**УГУЛДУ:**

**Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Изденүүчү А.З. Беделбаеванын негизги документтери менен тааныштыруу үчүн окумуштуу катчыга сөз берди.

**Окумуштуу катчысы саясат таануу илимдеринин доктору, доцент Абдыраманова Ч.Ш.:** Беделбаева Айнура Замирбековнанын өздүк делосу менен кеңештин мүчөлөрүн тааныштырды.

Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин 15-апрелдин 2021-жылы болуп өткөн жыйынын №12 протоколунун негизинде А.З. Беделбаевага эксперттик комиссиянын курамы түзүлүп ишин баштаган.

**Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Диссертациянын негизги жоболору боюнча баяндама жасоого сөз изденүүчү А.З. Беделбаевага берилет.

**Беделбаева А.З.:** Илимий иштин темасы «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү», диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Изилденген тема учурдун актуалдуу илимий маселелерден турат. Азыркы учурда актуалдуу болуп жаткан жогорку кесиптик билим берүү тармагы 2012-13 окуу жылынан тартып бардык жогорку окуу жайлары Болондук процесске өттү. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (мындан ары - КР ББиИМ) буйруктары, КРнын ББжИМ коллегиясынын чечимдери – сыяктуу расмий документтердин негизинде «Кыргыз Республикасы жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн негиздеген» КРнын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 токтому менен биздин республикада эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү кабыл алынган.

Учурда Кыргызстанда мамлекеттик жогорку окуу жайлардын саны 32 жана жеке менчик жогорку окуу жайлардын саны 33, баары биригип 65. КРнын ББжИМ жоболоруна ылайык 2012-2013 – жылдан тартып бардык жогорку окуу жайлары Болондук процессте иштеп келе жатат. Кыргызстан өткөн Болондук

билим берүү тутуму эки баскычтуу билим берүү билдирет: биринчиси – төрт жылдык окуу менен бакалавр, экинчиси – эки жылдык окуу менен магистратура.

**Изилдөөнүн максаты.** Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин аныктоо. **Аталган максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер алдыга коюлду:**

- азыркы жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде талдоо;
- Болондук процесстин алкагындагы заманбап жогорку кесиптик билим берүү тармагын талдоо;
- жогорку кесиптик билим берүүнү Болондук процесстин чегинде реформалоону талдоо, анын оң жана терс жактарын, айырмачылыктарын ачып көрсөтүү;
- Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн салттык жана инновациялык форматтарын коом тарабынан кабыл алынышын аныктоо;
- жогорку кесиптик билим берүү системасынын Болондук процесске өтүү этаптарын карап чыгуу;
- Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын көрсөтүү.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.**

1. Болондук процесс жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы парадигмасы катары аныкталган;
2. Болондук процесске кошулгандагы алгачкы шарттардын жана аларга ылайык келген жогорку кесиптик билим берүүнүн методологиясы каралган;
3. Жогорку окуу жайлардын Болон процессине өтүү этаптары жана анын жүрүшүндөгү реформалар аныкталган;
4. Жогорку кесиптик билим берүүнүн салттуу жана инновациялык форматтарындагы проблемалар салыштырылып талданган;
5. Болондук процессти ишке ашыруудагы артыкчылыктар менен кемчиликтер көрсөтүлгөн.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн.

Жогорку кесиптик билим берүүнү гумандаштыруу азыркы мезгилде кырдаалга ылайык көптөгөн милдеттерди өзүнө ала тургандыгын Болонья келишими аныктоо менен, ал учурда адистерди даярдоодо бир нече пункттарда тийиштүү иш-чаралардын аткарылышын бардык өлкөлөрдөн талап кылып келет. Тактап айтканда, Болонья келишими ага кирген мамлекет же бул процессти кабылдаган кайсы гана өлкө болбосун, милдеттүү аткаруу үчүн критерийлерди иштеп чыккан, изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, ал критерийлердин толук аткарышы үчүн, төмөндөгүдөй сунуштар берилет:

1. Жогорку билим берүү тутумунун жагымдуулугун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана анын дүйнөгө ачыктыгын жогорулатуу. Университеттин реформалар жаатында көз карандысыз чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, анын ичинде учурда жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга жана билим берүү жагынан башка мыйзамченемдерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү аркылуу.

2. ЕврАзЭСтин башкы максаты - ага мүчө өлкөлөрдүн аймагында бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү жолу менен регионалдык интеграция болгондуктан, Кыргыз Республикасынын дипломдорун (Diploma Supplement), илимий даражаларын, академиялык жана кесиптик жактан таануу абалын ишке ашыруусу багытында натыйжалуу иштерди алып баруу учурдун талабы. Биргелешкен илимий даражаларды мыйзамдаштырууну камсыз кылуу.

3. Коомчулук Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларында (мындан ары-ЖОЖ) атайын программаларга лицензия берүүдө, аттестация жана аккредитациядан өткөрүүдө дүйнөлүк аренага чыгуу максатында формалдуу эмес, сөзсүз чет элдик эксперттердин катышуусунда рейтингди көтөрүү үчүн сапатын жогорулатууну көзөмөлдөөгө муктаж.

4. Улуттук билим берүүнү Европалык билим сапатынын деңгээлинде камсыз кылуу жол-жоболорунун ортосундагы синергияны жана координацияны иштеп чыгуу. Мыкты тажрыйбаларды алмашууга жана жалпы европалык критерийлерди калыптандыруу ишине активдүү катышуу менен билимдин сапатын контролдоо.

5. ЖОЖда Европалык насыяларды трансформациялоо системасы (мындан ары-ECTS) институционалдык деңгээлде киргизүү үчүн зарыл болгон методикалык колдоону иштеп чыгуу, бул кредиттик тутумдун негизги принциптерин, анын ичинде окутуунун натыйжаларына байланышкан насыялардын максатына, иш жүгүн аныктоого жана ECTSди каржылоо тутуму катары колдонууга байланышкан негизги принциптерин деталдаштыруу жана түшүндүрүү.

6. Мамлекеттик билим берүү стандарттарында жогорку сапаттагы академиялык даярдыктын тең салмактуулугун камсыз кылуу жана узак мөөнөттүү жумушка орноштуруу, жогорку билим берүүнүн негизги максаттарына шайкеш, кош милдет. Эмгек рынокторунун талаптарын негизги билим берүү программаларында, жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын университеттик компонентинде чагылдыруу.

7. Материалдык (интернет, техникалык жабдуулар) базаны чыңдап, университеттеги профессордук-окутуучулук курамдын саясатына көңүл буруу менен алардын эмгек акысын базар талаптарына ылайык төлөөнүн механизмдерин иштеп чыгуу. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча атайын мониторинг жүргүзүү жана жоопкерчиликти жогорулатуунун индикаторлорун ишке киргизүү зарыл.

8. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматы менен биргеликте Болондук процесстин негизинде алынган дипломдордун статусун бекемдөөнүн жоболорун иштеп чыгуу керек. Бүтүрүүчүлөр ээ болгон дипломдун статусу ишке орношууда жана кызматтык даражаны жогорулатууда так, даана билүүсү билим берүүдөгү чоң реформанын аткарылышынын бир тарабы болуп калмакчы.

Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, Сиздердин талкууңуздарга койгон диссертациялык иш боюнча өз пикириңиздерди, көз карашыңыздарды айтып, аны ачык коргоого сунуштап берүүңүздөрдү суранам. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат.

**Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Урматтуу кесиптештер, биз изденүүчүнүн диссертациясынын негизги жоболору боюнча жасаган баяндамасына күбө болдук. Изденүүчүгө суроолор барбы?

**Саясий илимдердин доктору, профессор Донoнбаев А.Д.:** Социология боюнча жактагандар конкреттүү социологиялык изилдөөлөрдү өткөзүш керек, кандай социологиялык изилдөө жүргүзүлдү?

**Беделбаева А.З.:** 2019-жылдан баштап изденүүчү өз демилгеси менен аталган тема боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу аркылуу ишке ашырылган. Алсак, статистикалык маалыматтар, тема боюнча маселелерди чагылдырган эмгектер документтерди талдоо усулун пайдалануу менен илимий жактан талданган. Эксперттик (тема боюнча эксперттер, жогорку окуу жайлардагы жетекчилер, окутуучулар, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуучулар) сурамжылоодо бардыгы болуп 100 экспертке, ошондой эле 400 респондентке (магистранттар) массалык сурамжылоо жүргүзүлдү. Алынган жооптор SPSS-16, Google Forms программаларында иштелип чыкты.

**Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Эми кезекти эксперттик комиссиянын курамынын мүчөлөрүнө берсек.

**Социология илимдеринин доктору, доцент Мендибаев Н.:** Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин толугу менен карап чыгып, оң баа бердим. Анын себеби, ишти теориялык аныктамалар менен гана чектелбестен, конкреттүү социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары менен далилдеп берген. Корутундуда берилген сунуштар далилдүү жана келечектүү. Коргоого сунуштайм.

**Саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Ж.Ж.:** Мен дагы, Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин толугу менен окуп чыктым. Берилген суроолорума так жана туура жооп берди. Коргоого сунуштайм. Биз колдойбуз, мындай жазылган иштер Кыргызстанга керек.

**Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Эксперттик комиссиянын төрайымы, профессор Саида Сулеймановна сөз сизде.

**Эксперттик комиссиянын төрайымы социология илимдеринин доктору, профессор Нурова С.С.:** Эксперттик комиссия берилген Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келдик.

Иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Айрым бир мүчүлүштүктөргө токтолуп кетсем:

1. Диссертациялык иш кыргыз тилинде жазылгандыктан, айрым илимий терминдер ар кандай берилип калган, мисалы: процесс – жүрүш, метод-ыкма ж.б., бирок бул терминдер бүгүнкү күнгө чейин илимий жактан бир нукка түшө электигин эске алуу менен иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

2. Диссертациялык иште келтирилген сунуштардын 1-2 пунктун мамлекеттик органдар менен биргеликте иш жүзүнө ашырыла тургандыгын аныктап кетсе жакшы болмок. Бирок, бул диссертация менен баардык илимий тармакты изилдөө мүмкүн эмес, ошол себептен келечекте эске алынат деген ойдобуз.

Жарыяланган макалалардын мазмуну диссертациялык иштин мазмунуна айкалышкан, толугу менен жооп берет. Эксперттик комиссиянын курамы төмөндөгүдөй сунушту берет:

1. **жетектөөчү мекеме катарында** Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун «социалдык иштер жана коомдук илимдер» кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт;

- **биринчи расмий оппонент** саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилдеңүүчү карап жаткан проблемага жакын эмгектери бар:

1. Жоробеков Ж.Ж., Пазылов Б.К. Европейское направление внешней политики Кыргызской Республики. //Журнал Наука, новые технологии и инновации Кыгызстана. 2019, №3. С.216-222

2. Жоробеков Ж.Ж. Управление в транзитном обществе: роль и влияние государства. //Вестник Академии управления при президенте Кыргызской Республики. 2011,№12. С.54-55

**экинчи расмий оппонент** социология илиминин кандидаты, Алымкулов Ализбек Төлбашевич (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04) изилдеңүүчү карап жаткан проблемага жакын эмгектери бар.

1. Алымкулов А.Т., Социально-демографические характеристики молодежи Кыргызстана в современных условиях.–Алматы: Поиск, №3(1), 2012 – С.167-171.
2. Алымкулов А.Т., Базариаттык шарттардагы билимдүүлүк жаштарды социалдаштыруунун натыйжалуу каражаты.– Бишкек: Социальные и гуманитарные науки, № 1-2, 2013 – С.126-128.

**Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Урматтуу диссертациялык кеңештин катышуучулары изденүүчүгө дагы суроолоруңар барбы? Жок.

Анда бир жолку өткөрүлүүчү жыйындын датасын процедуралык жагдайда карап чыгалы.

Оппоненттер жана жетектөөчү мекемени бекитүү боюнча, кандай сунуштар бар, жок болсо, добушка салалы, Ким макул, каршы, калыс. Бир добуштан кабыл алынды.

Алдын ала талкууга сунушталган илимий иш жакшы илимий-теориялык деңгээлде аткарылган. Диссертация илимий жактан жеткиликтүү изилденген негиздүү өз алдынча жүргүзүлгөн жана бүтүрүлгөн иш катары Кыргыз Жогорку Аттестациясынын докторлук диссертацияга койгон талабына жооп берет саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга коргоого сунуштаса болот. Бул менин пикирим болду. Изденүүчүгө жыйынтыктоочу сөз берсек.

**Беделбаева А.З.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Менин диссертациялык эмгегимди талкуулоо учурунда берилген баалуу пикирлер жана сунуштар үчүн сиздерге терең ыраазычылык билдирем. Мен да негизинен айтылган пикирлер, сунуштар жана сын-пикирлерди эске алам.

**Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий илимдеринин доктору, юридика илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз:** Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине эксперттик комиссиянын жетектөөчү мекеме жана официалдык оппоненттердин бекитилиш сунушунун корутундусун угуп, диссертациялык ишти бүгүнкү жыйында алдын ала коргоодон ийгиликтүү өткөндүгүн жана эл алдында коргоого алып чыгуу сунушталсын. Коргоонун датасы күн тартибинде аныкталсын.

**Добуш берүүңүздөрдү суранам: Катышкандар – 14, Макул – 14, Каршы – жок. Калыс – жок.**

**Бир добуштан кабыл алынды.**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу 23.00.02 – «саясий институттар, процесстер жана технологиялар» жана 22.00.04 – «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер» адистиги боюнча саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин

## ТОКТОМУ:

1. Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин эксперттик корутундусу бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу 23.00.02 – «саясий институттар, процесстер жана технологиялар» жана 22.00.04 – «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер» адистиги боюнча саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинде изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коргоо күнү белгиленсин жана коргоого 30 күн калганга чейин диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнө датасы жөнүндө маалымат берилсин.

**Окумуштуу катчы,**
**саясий илимдеринин**
**доктору, доцент** **Абдыраманова Ч.Ш.**

Ч.Ш. Абдырамановадын кол тамгасын тастыктайм
АРӨБ башчысынын уб.м.а. Молдокулова Г.А.